DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Мадумарова М.К., Гапарова Ч.А.*

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨ БИЛИМ БЕРҮҮ ДОЛБООРЛОРУ АРКЫЛУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛЫШЫ

*Мадумарова М.К., Гапарова Ч.А*

## РЕАЛИЗАЦИЯ ГОСУДАРСТВЕННЫХ ИНТЕРЕСОВ В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ ЧЕРЕЗ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ ПРОЕКТЫ

*M. Madumarova, Ch. Gaparova*

## IMPLEMENTATION OF STATE INTERESTS IN THE FIELD OF EDUCATION THROUGH EDUCATIONAL PROJECTS

*УДК: 372.9*

*Макалада билим берүү долбоорлорунун теориялык негиздери талкууланып, алардын өзгөчөлүктөрү изилденип, билим берүү долбоорлорунун жаңы формалары белгиленип, практикалык сабактардагы ишке ашыруу тажрыйбасы келтирилген. Учурдагы Кыргызстанда USAID тарабынан каржыланган билим берүү долбоорлорунун жүргүзүлүшү талдоого алынган. Билим берүү долбоорлорун жүзөгө ашырууда өнөктөштөрдүн кызматташтыгы билим берүү мекемелеринин долбоорлорго катышкан учурда байкалат. Долбоорлорду жүзөгө ашырууда бала-бакчалар, мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары тартылып, ал жерде иштеп жаткан мугалимдердин билимдерин жогорулатуунун жана өркүндөтүүнүн жолдору каралат. Кыргызстанда билим берүү мекемелеринде башталгыч класстарды окутуу боюнча түрдүү долбоорлор каралган жана алар жүзөгө ашырылышы, натыйжалуу жактары изилдөөгө алынган. Ар бир долбоордун негизги багыттары бар. USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунда башталгыч класс мугалимдерин, ата-энелерди окутуу аркылуу окуу чөйрөсүн түзүү, окуганга шарттарды жакшыртуунун жолдору үйрөтүлүп, үй-бүлөдө китеп окуу тажрыйбасын жүргүзүлдү. Бул долбоор башталгыч класс окуучуларынын текстти окуу жөндөмүн изилдөөгө алган. Мектептерде окутуунун жана окуучулар үчүн окуунун сапатын жакшыртуу аракеттери жасалганы жөнүндө жыйынтык пикир билдирилген.*

***Негизги сөздөр:*** *долбоорду башкаруу, долбоорлорду жүзөгө ашыруу, билим берүү долбоору, билим берүү кызматы, өз ара аракеттенүү, тармактык формалар, окуу көндүмдөрү, натыйжалуу пайдалануу.*

*В статье рассматриваются теоретические основы образовательных проектов, исследуются их особенности, определяются новые формы образовательных проектов, а также приводится опыт реализации практических занятий. Проанализированы текущие образовательные проекты в Кыргызстане, финансируемые USAID. Сотрудничество партнеров при реализации образовательных проектов наблюдается при участии образовательных учреждений в проектах. Детские сады, школы, средние и высшие учебные заведения будут задействованы в реализации проектов, и будут рассмотрены пути повышения знаний и навыков работающих там учителей. В Кыргызстане существуют различные проекты по обучению в начальной школе, их реализация и эффективность изучаются. У каждого проекта есть свои основные направления. Проект USAID «Читаем вместе» научил учителей начальной школы и родителей, как создать среду обучения, как улучшить среду обучения и как читать в семье. Этот проект смог изучить способность учеников начальной школы читать текст. Были предприняты усилия по повышению качества преподавания и обучения в школах.*

***Ключевые слова:*** *управление проектами, реализация проектов, образовательный проект, образовательная услуга, взаимодействие, сетевые формы, навыки обучения, эффективное использование.*

*The article discusses the theoretical foundations of educational projects, explores their features, identifies new forms of educational projects, and provides experience in the implementation of practical lessons. The current USAID-funded educational projects in Kyrgyzstan are analyzed. Cooperation of partners in the implementation of educational projects is observed when educational institutions participate in projects. Kindergartens, schools, secondary and higher education institutions will be involved in the implementation of the projects, and ways to improve the knowledge and skills of teachers working there will be considered. In Kyrgyzstan, there are various projects for the teaching of primary school, and their implementation and effectiveness are studied. Each project has its main directions. USAID's Reading Together project taught primary school teachers and parents how to create a learning environment, how to improve the learning environment, and how to read in the family. This project was able to study the ability of primary school students to read a text. Efforts were made to improve the quality of teaching and learning in schools.*

***Key words:*** *project management, project implementation, educational project, educational service, interaction, network forms, learning skills, effective use.*

Кыргыз Республикасынын билим берүү потенциалын жогорулатуу максатында учурда түрдүү билим берүү долбоорлоруна өзгөчө маани берилип, ал долбоорлорду ишке ашыруу үчүн көп убакыт жана финансылык каражаттар бөлүнүп жатат. Анткени улуттук экономиканын өнүгүү деңгээлинин маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири – бул өлкөнүн билим берүү потенциалы. Билим берүү тармагында ар кандай программалар иштелип чыгууда жана белгилүү сунуштары менен атаандаштыкка ээ болуп, түрдүү булактардан каржылоо үчүн шарттар түзүлүп жатат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги сунуш кылган долбоорлор менен билим берүү мекемелерин өз ресурстарын мүмкүн болушунча на-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тыйжалуу пайдаланууга мажбурлайт, ошол эле учурда билим берүүнүн мазмунуна карата мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын да аткарат. Бүгүнкү күндө билим берүү мекемелеринде рынок талап кылган билим берүү кызматтарынын сапатын жакшыртуу максатында билим берүү долбоорлор иштелип, белгилүү деңгээлде жакшы натыйжаларга да жетишип, билим берүүнүн жаңы усулдары колдонулуп жатат. Билим берүү долбоору билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарды жүзөгө ашыруу максаттары коюлат. «Билим берүү долбоору» түшүнүгүнүн илимпоздор төмөнкүдөй чечмелөөгө алышат:

- «Билим берүү долбоору бул билим берүүнү ишке ашырууну камсыз кылган илимий, методикалык, технологиялык, уюштуруучулук, каржылык, коммерциялык, билим берүү жана өндүрүштүк иш-чаралардын жыйындысы» (И.Б. Романова);
- «Билим берүү долбоору – бул белгилүү бир убакыттын ичинде жана чектелген ресурстар менен, белгиленген чөйрөнүн жетишкендиктери менен байланышкан тышкы чөйрө менен өз ара аракеттенүү шарттарында орун алган адистердин убактылуу командасынын татаал иши. белгилүү бир билим берүү натыйжасына жетишүүгө багытталган максаттардын (милдеттердин) жана иш-чаралардын» (Моисеев А.М.);
- «Билим берүү долбоору – бул анын бардык катышуучуларынын билим берүү өнүмдөрүн алуу боюнча иш-аракеттеринин татаал мүнөзүн белгилүү бир мезгилге – бир сабактан бир нече айга чейин камтыган сабактарды уюштуруунун формасы» (Чечель И.Д.)

Билим берүү долбоорлорун жүзөгө ашырууда өнөктөштөрдүн кызматташтыгы билим берүү мекемелеринин долбоорлорго катышкан учурда байкалат. Долбоорлорду жүзөгө ашырууда бала-бакчалар, мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары тартылып, ал жерде иштеп жаткан мугалимдердин билимдерин жогорулатуунун жана өркүндөтүүнүн жолдору каралат.

Кыргызстанда билим берүү мекемелеринде башталгыч класстарды окутуу боюнча түрдүү долбоорлор каралган жана алар жүзөгө ашырылып, белгилүү жемишин берип келет. Алар:

1. 2013-2017-жылдары «Бирге окуйбуз» долбоору *USAID,* Америкалык изилдөө институту жана Балдарды коргоо фонду жана КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан өнөктөштүктө;

2. 2016-2021-ж. *USAID* тарабынан «Келгиле, окуйбуз!» долбоору, КР Билим берүү жана илим министрлиги, КР Маданият, маалымат жана туризм министрлиги, Кыргыз билим берүү академиясы, Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту;

3. 2019-2024-жж. USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту беш жылдык долбоор.

Аталган ар бир долбоордун негизги багыттары бар. USAIDдин «Бирге окуйбуз» долбоорунда башталгыч класс мугалимдерин, ата-энелерди окутуу аркылуу окуу чөйрөсүн түзүү, окуганга шарттарды жакшыртуунун жолдору үйрөтүлүп, үй-бүлөдө китеп окуу тажрыйбасын жүргүзүлдү. Бул долбоор башталгыч класс окуучулуранын текстти окуу жөндөмүн изилдөөгө алган. Мектептерде окутуунун жана окуучулар үчүн окуунун сапатын жакшыртуу аракеттери жасалган. Бул долбоорго Кыргызстан боюнча 1,350 мектепти жана 265,000ге жакын башталгыч класстардын окуучулары катышкан. Долбоордогу тренингдик материалдар менен 10,000ден ашык башталгыч класс мугалимдери 72 сааттык окуудан өтүп, сертификатка ээ болушту. Иштелип чыккан усулдар менен сабактар уюштурулуп, окуучулардын негизги окуу көндүмдөрү салыштырмалуу натыйжа бергени окутуучулар тарабынан талдоодо билинген. Ошондой эле 264 000ден ашуун кыргыз тилиндеги китептер мамлекеттик орто мектептерге бекер таркатыган. Турдүүү курактагы балдар үчүн окуу материалдарын иштөө жана матероиалдарды колдонуу боюнча усулдук жардамдар берилген. Ошондой эле 1,400дөн ашык башталгыч класстардын окуучулары үчүн окуу лагери жана башка көптөгөн сабактан тышкаркы иш-чаралар уюштурулган.

Ал эми *USAID* тарабынан «Келгиле, окуйбуз!» долбоорунда беш негизги окуу көндүмдөрү берилип, анда 10 комплекстүү окуу модулдары киргизилген. Тажрыйбалуу окутуучулардын материалдары киргизилип, 400дөн ашуун улуттук тренер, 9 миң мугалим, окутулуп, сертификаттарга ээ болушкан. Бул долбоордун негизинде 220 миңден ашуун башталгыч класс окуучулары жаңы методдор менен китеп окууну үйрөнүп, бүгүнкү күнгө чейин ал усулдар жайылтылып келет. Бул долбоор менен педагогикалык окуу жайлардын алтоосу 2019-2020-окуу жылынын планына «Келгиле, окуйбуз!» долбоорун киргизип, китеп окутуу ыкмаларын өркүндөтүү боюнча студенттерге сабактар өтүлүп, кесипкөй адистер даярдалууда.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



USAID тарабынан 1,5 миллион нускадагы китептер даярдалып, 217си жаңы жана кайрадан басылып чыккан кыргыз жана орус тилдеринде аңгемелерди түздү. Аталган китептер 900 мектепке, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө жана педагогикалык окуу жайларына таркатылып, китеп фондун толуктоого өз салымын кошту.

Жогоруда 6 педагогикалык окуу жайлардын окуу планына «Келгиле, окуйбуз!» долбоору киргизилген деген маалыматтарды бердик. Бирок, бул долбоор окуу пландарына киргизилбеген ЖОЖдордо да айрым окутуунун ыкмалары методикалык багыттагы дисциплиналарда пайдаланылып, студенттер жаңы ыкмалар менен иштөөнүн жолдорун үйрөнүшүп жатышат. Мисалга, айрым бир студенттер тарабынан түзүлгөн иштелмелерди карап көрөлү:

3-класс.

Сабактын темасы:Сулайман Рысбаев «Айгерим менен күзгү».

| Сабактын максаты | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| а) Тема боюнча маалымат алышат<br>б) Окуянын текстин талдашат. Текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирет.<br>в) Бири-бирин сыйлоого, тазалыкка, биримдикке тарбияланат. | а) Тема боюнча маалымат алышса.<br>б) Окуянын текстин пайдаланышса, текстти окуганга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирсе.<br>в) Бирин-бири сыйлоого, тазалыкка, биримдикке тарбияланса. |

Сабактын жабдылышы: окуу китеби, карточкалар, сүрөттөр, ватмандар, быйтыкчалар, таркатма карточкалар.

Текстти окуунун формасы: Үлгүлүү окуу.

Колдонулган ыкмалар: Кадам артынан кадам. Алдын ала баамдап айтуу.

Сабактын усулу: Аңгемелешүү, көрсөтмөлүүлүк, жекече, тематикалык оюндар, алдын ала баамдап айтуу, түшүндүрүп окутуу.

Сабактын жүрүшү: 1.Уюуштуруу.

Мугалим: Саламатсыңарбы балдар?

Окуучу: Саламатсызбы эжеке,
Даярбыз биз керекке.
Акыл-эстүү балдарбыз,
Сабакты биз баштайбыз.

2.Үй тапшырма суроо:

Мугалим: Балдар үйгө тапшырма эмне болгон?

Окуучу: Жети атаны таануу.

«Кадам артынан кадам» ыкмасы пайдаланылат. Ар бир окуучу жети атасын атап беришет.

3. Жаңы тема: Айгерим менен күзгү

Окуучуларга текстти түшүндүрүүдөн мурда аларга бирден бош карточкалар таркатылат.Тексттин биринчи абзацына чейин окуп, окуучуларды «Алдын ала баамдап айтуу» оюнун ойноого чакырабыз.

Тексттин калганын окубай туруп, окуучулар мындан ары кандай болушу мүмкүн, ар бирибиз карточкаларга өз оюубузду жазабыз деген тапшырма берилет. Бир убакытты чектеп көрсөтүп коёбуз. Баары тапшырманы аяктаган соң, тексти улантылып окулат, ар бир сапты окуган соң түшүндүрүп айтып беребиз.

Колунда таттуу шоколады бар Айгерим күзгүнүн жанынан өтүп баратып, күзгүдөн өзүн көрдү да: «Эй, карачы, шоколадым бар, атам апкелди,» – деп мактанды. Арадан беш мүнөт өтпөй, шоколадын жеди да, кайрадан күзгүгө келди. Ал күзгүдөн бети колу ботала-шотала болгон «тентек кызды» көрдү. Анан ал апасын чакырып: (Ушул жерде текст токтотулат жана окуучуларга суроо берилет)

Биринчи үзүндү боюнча суроо:

1. Аңгемедеги каармандар кимдер?
2. Айгерим кандай кыз экен?
3. Айгерим күзгүгө карап ким менен сүйлөштү?
4. Балдар силер кандай ойлойсуңар?
5. Аңгеме андан ары кандай уланышы мүмкүн?

Ушундай суроолорго карата балдар өз оюн айтышат. Мугалим текстти кайра улантылат.

– Апа,карачы, мобу кыздын бети-колу бүт ботала экен... Мен андай эмесмин ээ... - деди. Апасы аны көрүп күлдү да:

Экинчи үзүндү боюнча суроо: Апасы Айгеримге эмне деп айткан болушу мүмкүн?

– Көрдүнбү? Бети-колуңду жууп жүрбөсөң, сен дагы ошондой тентек кыз болуп каласың, – деп, бети-колун жуундурду. Бети колу таза болуп калган Айгерим эми мактанайын деди да, кайрадан күзгүгө келди. Күзгүгө келсе - «баягы кыз» дагы бети-колун эчак жуунуп, супсулуу болуп алыптыр бир заматта... Айгерим бир саам таң кала карап калды.

Үчүнчү үзүндү боюнча суроо:

1. Айгерим кимге мактангысы келди?
2. Энеси кандай аял экен?
3. Күзгүдөгү сулуу кыз ким эле? Аны өзү түшүндүбү?

– Апа, бул кыз дагы менчилеп бети-колун жууп алыптыр мени туурап, карасаң.

«Кой, Айгеримдей болуп сен дагы жуунуп, таза, сулуу кыз болоюн деген го э» - деди, өзүн-өзү мактап.

Талкуу үчүн суроолор:

1. Айткылачы Айгерим ким менен атаандашты?
2. Тема эмне жөнүндө болду?
3. Биз да кирдеп жүрөбүзбү?

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



4. Тазалык деген эмне?

**Физминутка**: Ордубуздан турабыз,
Көнүгүүлөр жасайбыз.
Алгач оңго, кийин солго,
Көз жүгүртүп турабыз.
Колду өйдө көтөрүп,
Физминутка кылабыз.

4. Бышыктоо: Окуучулар толтурушкан карточкаларын доскага илип жазгандары аркылуу сүйлөп беришет. Кимдин ою чыгармага жакын болсо, окуучу «Алдын ала баамдап айтуу» оюнун жеңүүчүсү болот. Ватмандагы сүрөттөр доскага илинет. Окуучулар сүрөттөр аркылуу өз ойлорун айтып беришет.

5. Үй тапшырма: Тазалык жөнүндө ыр жаттоо.

6. Баалоо: Окуучулардын активдүүлүгүнө жараша быйтыкчалар менен бааланат.

Мына жогорудагы иштелмеде балдарга китеп окуп берүү, аны түшүндүрүп окутуунун ыкмалары берилген. Балдардык китеп окуганга, кызыктырууга, чыгармага анализ берүүгө үйрөтүүдө долбоорлордо берилген усулдар натыйжалуулугун бере алды. Демек, билим берүү долбоорлору аркылуу окуучулардын көндүмдөргө ээ болуу мүмкүнчүлүгү жогору. Биз мугалимдер, ошол долбоорлордо көрсөтүлгөн айрым кадамдарга көп маани бербей келебиз. Ал эми жаңы ыкмаларда ар бир нерсеге майда бөлүктөргө да маани берилип, баланын бардык жактан мүмкүнчүлүктөрү эске алынгандыгы менен жөнөкөй сабактардан айырмаланат. Билим берүү тармагы боюнча өз ара байланышкан долбоорлорду башкарууда жогорку окуу жайларынын ичинде долбоорлорду натыйжалуу башкаруу мүмкүн

**Адабияттар:**


1. Ковалева Т.В. Особенности образовательных проектов и управления ими / Т.В. Ковалева, Д.В. Воробей. – Текст: непосредственный // Молодой ученый. – 2016. – № 12 (116). – С. 1290-1293. – URL: https://moluch.ru/archive/116/31869/ (дата обращения: 16.05.2021).
2. «Бирге окуйбуз» долбоору 2015-ж. Бишкек
3. «Келгиле, окуйбуз!» долбоору. 2017-ж. Бишкек.
4. Мадумарова М.К., Куйчиев А.С., Маматова А.М. Некоторые модели интеграционного обучения в высших учебных заведениях. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 10. С. 124-128.
5. Курманкулов Ш.Ж., Бешкемпирова В.К. Обстоятельства обучения учебных предметов в школах, направленных на компетентность. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 2. С. 69-72.
6. Ажыбаев Д.М., Сияев Т.М. Состояние и проблемы внедрения цифрового обучения в образовательные учреждения. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 9. С. 199-201